**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕЙИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.23.667 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда:
УДК: 39(575.2)(560)(043.3)

**САТЫЖЫОГЛУ ХҮСЕЙИН**

# КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТТАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ УЛАМЫШТАРДАГЫ ЖАЛПЫЛЫКТАР ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2024**

Диссертациялык иш Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Акматалиев Абдылдажан Амантурович,** филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институнун директору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Орозобекова Жылдыз Калмашевна,** филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары |
| | **Калчакеев Кубанычбек Бекболотович,** филология илимдеринин доктору, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Мамлекеттик тил бөлүмүнүн башчысы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы (723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331) |

Диссертация 2024-жылдын 30-апрелинде саат 13.00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547). Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/102-pms-mzx-ajn

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан төмөнкү шилтеме боюнча таанышууга болот. https://vak.kg/d_10_23_667/husejin-satyzhyoglu/

Автореферат 2024-жылдын 29-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Адамдардын коомдук милдети, мамилелер жаратылыш кубулуштары, жашоо формалары, аларды чечмелениши, табият тууралуу ж.б. тематикадагы уламыштар бар. Адам баласы жаралгандан бери өзү жашаган жаратылышты, айлана-чөйрөнү таанып, чечмелеп, аңдап билгиси келет. Дал ушул байыркы түрктөрдүн жашоосунда маанилүү орунду ээлеген жер-суу культу да түрк дүйнөсүндө өз орду бар экендигин көрсөтөт. Бул ишенимдин негизинде түрктөр жашаган жерине жана пайдаланган суусуна ат коюуда жалпысынан өзгөчө бир окуяга байланыштырып, сөз болуп жаткан нерсеге рух жана маани берүү менен ыйыкташтырышкан. Ушул максаттын негизинде татаал жана белгисиз нерселерди түшүндүрүү, максатында топонимикалык уламыштарды жаратышкан. Түрк дүйнөсүнүн бардык элдериндей эле Кыргызстан менен Түркиянын географиясында да дээрлик ар бир тоо, таш, суу жана конуштарга арналган бир же бир нече уламыштар бар.

“Ысым кимдир-бирөөнү же бир нерсени сүрөттөө, сыпаттоо, түшүндүрүү же жарыялоо үчүн колдонулган сөздү, маанини билдирет”. “Топоним” – байыркы грек сөзү. Ал бардык географиялык объектилердин, аймактардын өзгөчө аталышын билдирет. «Гидроним» – байыркы грек тилинен чыккан сөз, табигый же жасалма суу объектисинин аталышын билдирет. Түрк окумуштуусу Явуз Сердар, Сенел Мустафалар өз эмгектеринде *жер аттары* жөнөкөй сөздөр эмес экенин, алардын баары жашыруун мааниге ээ экендигин, ал маани чечилген сайын аймактын тарыхы, анда жашаган инчандар, саясий-экономикалык абалы ж.б. көптөгөн чындыктары тууралуу маалымат ала ала турганыбызды белгилейт. Ошондой эле жердин топурагы жана өсүмдүктөрү, жаныбарлардын түрлөрү, жаратылыш ресурстары жөнүндө маалымат алууга болорун, мындан тышкары жер-суу аттарында чөлкөмдө отурукташкан уруу, урук, жамааттар жөнүндө, ошондой эле болуп өткөн тарыхый окуялар, аймакта жашаган атактуу инсандар, элдик баатырлар тууралуу маалыматтар катылганын айтышат. Ошол эле учурда тилдин тарыхый өнүгүшүн жер аттары аркылуу да байкоого болорун, тилдин кээ бир тарыхый формалары жер-суу аттарында колдонулушу бузулса да, анын негизги өзөгү дагы дале сакталып келерин белгилешип, “жер-суу аттары адамдардын жерге ат коюудагы сөз байлыгынын жана табитинин көрсөткүчү болуп эсептелет. Алар кайсы бир географиялык аймактын кантип мекенге айланганынын далили болуп саналат” деп жыйынтык пикирин билдирет. Мындан улам элдик уламыштар мазмундук, маанилик, формалык жактан дихрондук жана синхрондук аспектиде изилденип, байыркы түбү бир элдердин жакындыгын дагы да аныктай турган жанр катары салыштырыла изилдениши шарт. Бул биздин диссертациялык изилдөөбүздүн **актуалдуулугун** негиздеп турат. *Экинчиден*, элдик чыгармачылыктын жанрдык бир түрү катары уламыштар кыргыз жана түрк фольклористикасында өз алдынча талданып, илимий пикирлер айтыла жүргөнү менен бүгүнкү күнгө чейин салыштырма планда талданган эмгектер

жок; *үчүнчүдөн*, уламыштар фольклор таануу илиминини гана объектиси эмес, жанр ономастика, география, этнография, антропология жана тарых сыяктуу тармактардагы изилдөөлөрдүн объектиси боло ала турган касиетин эске алуу менен жер-сууга байланыштуу уламыштарга гана токтолуп, дисциплиналар аралык аспекттен изилдөө, жалпылыктарын, айырмачылыктарын аныктоо зарыл; *төртүнчүдөн*, байыркы архитектуралык түзүлүштөр тууралуу уламыштарды атоодо алардын өзгөчөлүгү коомдук милдеттери, социалдык мааниси, учурдагы абалына чейин уламыштын таасири талданышы учур үчүн актуалдуу маселелерден деп атоого болот.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен байланышы.** Бул изилдөө К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери**. Кыргызстан менен Түркиядагы жер-суу аттарына байланыштуу пайда болгон уламыштарды изилдениш тарыхына обзор берүү менен жанрдын генезисин, эволюциясын, түрлөрүн, классификацияланышын салыштырма планда талдоого алуу, Ошондой эле эки элдин уламыштарындагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды белгилеп, алардын пайда болушунун себептери изилдөө. Көл, дарыя, шаркыратма, булактар, айыл-кыштак, аймак, шаар, белгилүү имараттар ж.б. жер-сууга байланыштуу уламыштарды фольклордук гана аспектте эмес, башка илимдердин тогошунда да карап, өз илимий пикирлерибизди ортого салуу болуп саналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** алдыбызга койдук:

1. Элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры катары уламыштардын табиятын аныктоо. Ал үчүн эң алгач Кыргызстан жана Түркия аймагындагы жер-суу аттарынын негизинде түзүлгөн уламыштарды топтоо;
2. Кыргыз жана түрк уламыштарынын изилдениш тарыхына талдоо жүргүзүп, уламыштардын түрлөрүн, аларын классификацияланышын анализдөө;
3. Кыргыз-түрк уламыштарынын каармандарын, түрлөрүн, мотивдерин, тема, сюжет ж.б. багытта анализдөө;
4. Уламыштарды фольклордук, мифологиялык, тарыхый, маданий жана ишенимдердин функциясынын контекстинде талдоо;
5. Кыргыз жана түрк топонимикалык уламыштарындагы окшош темаларды, сюжеттерди, типтерди жана мотивдерди аныктап чыгуу, айырмачылыктарды белгилөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстан аймагындагы топонимикалык уламыштарды эл оозунан жыйноо иш-аракеттери жүргүзүлгөн, бирок уламыштар фольклордук методдор жана теориялардын негизинде талданган эмес. Изилдөөбүз уламыштардын жана илимий изилдөөлөрдүн көп жылдардан кийин жасалган жыйындысы болгондуктан, Кыргызстандагы ушул кемчиликти толуктоону көздөйт. Тарыхы, маданияты, ишеними орток кыргыз жана түрк элдеринин фольклордук чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин салыштырылган эмес. Изилдөөбүздө эки өлкөнүн жер-

суу аттарынын негизинде пайда болгон уламыштар биринчи жолу салыштырылып, башка элдик оозеки чыгармаларды да салыштырууга да маанилүү салымын кошот. Булар иштин жаңылыгын негиздейт.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Диссертациялык иш кыргыз-түрк уламыштарын иликтөөгө белгилүү деңгээлде салым кошуу менен, келечекте жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштерине илимий-теориялык жактан негиз болуп бере алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иш кыргыз-түрк элдеринин генетикалык өнөктөштүгүнөн келип чыккан орток маданий мурасы катары уламыштарды мындан ары тереңдетип иликтөөгө белгилүү деңгээлде салым кошот жана келечекте жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштерине илимий-теориялык жактан негиз болуп бере алат. Изилдөөдө алынган жыйынтыктар жогорку окуу жайларында, орто мектептерде «Элдик оозеки чыгармачылык» боюнча курстарды окутууда, илимий окууларды уюштурууда курстук жана дипломдук иштерди жазууда материал болуп бере алат.

Биздин изилдөөбүз жер-суу аттарына байланышкан кыргыз жана түрк уламыштарын салыштыруу боюнча алгачкы илимий изилдөө болгондуктан, изилдөөчүлөр жана кызыкдар тараптар үчүн да өтө пайдалуу эмгек болмокчу.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Уламыштар – айтуучу жана угуучу тарабынан чындык деп эсептелген адаттан тыш окуяларды жана адамдарды чагылдырып, күнүмдүк кептеги жөнөкөй жана дидактикалык туюнтмалуу жанр. Ошол эле учурда мифологиялык адаттан тыш окуялуу уламыштар да кездешет. Адам коом менен мейкиндикти байланыштыргыч ролду ойноо менен алар үчү ыйык болгон жашаган жерлери тууралуу кылдаттык менен атоолорду койгон. Бир жердин айланасында болуп, айтылып келе жаткан уламыштар – табият менен адамдардын ортосундагы мамилени эң жакшы чагылдырган аңгемелер. Уламыш – бул коом жагынан да, географиялык жактан да тарыхый жана маданий эс тутум;
2. Уламыштарды кыргыз фолклор таануусунда Б.Кебекова, К.Байжигитов, Т.Танаев, Н.Нарынбаева, А.Дыйканбаева, С.Апышева ж.б. изилдесе, Невзат Гөзайдын, Саим Сакаоглу, Билге Сейидоглу, Али Өзтүрк ж.б. окумуштуулар кайрылганы менен салыштырма планда изилдөө объектисине алына элек.
3. Кыргыз жана түрк элдеринин уламыштарындагы жалпы мотивдер, окшоштуктар көп. Бул эки элдин байыркы ишеним, түшүнүктөрүнүн бирдейлигине негизделет. Кыргыз уламыштарына караганда түрк уламыштары аккультурациялык өзгөчөлүккө ылайык оозеки чыгармачылыгында алар кабыл алган диндер жана жаңы кошуналардын ишенимдери жана маданияттары таасир эткен.
4. Кыргыз жана түрк уламыштарындагы күнүмдүк тиричилик күрөшү, адамдын жаратылыш менен болгон мамилеси, адамдын мифтик-мистикалык жандыктар менен болгон мамилеси, адилеттүүлүк, социалдык көйгөйлөр, социалдык чыр-чатактар жана диний ишенимдер орток мотивдер экени көрүнөт.

5. Кыргыз жана түрк топонимикалык уламыштарын салыштырма мүнөздө караганда кыргыз уламыштарында табият негизги элемент болуп саналса, түрк ууламыштарында мечит, медресе, көпүрө, мончо, үйлөр сыяктуу архитектуралык курулуштарга байланыштуу уламыштар кеңири орун алышы менен айырмалуу.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** кыргыз жана түрк топонимикалык уламыштарын биринчи жолу салыштырма планда карап чыгуу бул тармактагы кемчиликти жоюп гана тим болбостон, кыргыз жана түрк элдеринин уламыштарындагы жалпы мотивдерди, темаларды, каармандарды, сюжеттерди илимий жактан анализге алуудан көрүнөт. Түрк элдери географиялык жактан бири-биринен кылымдар бою алыс болсо да, орток маданиятын жана ишенимдерин уламыштар аркылуу кантип жана кандайча сактап келгенин изилдөөбүз далилдеп берет. Бул жагынан диссертация түрк дүйнөсүнүн фольклору боюнча жасала турган салыштыруу изилдөөлөрүнө маанилүү салым кошот.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо**. Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий-практикалык конференцияларда, тегерек столдордо, семинар жана тренингдерде апробацияланды. Кыргызстан жана Түркия республикасында элдик оозеки чыгармаларга арналган конференцияларда талкууга алынды. (II-Эл аралык гуманитардык илимдер конгрессинде (Türk Dünyası'nda Kule Kaynaklı Ortaya Çıkan Efsaneler Üzerine Bir İnceleme.) Кыргыз-Түрк Манас Университети,11-12-май 2017; IV-Эл аралык гуманитардык илимдерде изилдөөлөр конференциясы, Казакстан, Хожа Ахмед Ясави Университети, 11-13-сентябрь, 2019; 3rd International Congress of the Human and Social Science Researches (ITOBIAD) аттуу эл аралык семинарда (Kırgız Halkbiliminde Efsane Türünün Güncel Meseleleri), Түркия, 19-23-ноябрь, 2020). Илимий жыйындарда докладдар жасалды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.** Иштин негизги жоболору РИНЦ (Российский индекс научного цитирование) тутумуна кирүүчү Кыргызстандын илимий журналдарында чагылдырылып, жалпы 10 (он) макала жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, алты бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана Кыргызстан жана Түркияда жер-суу аттарына байланыштуу оозеки булактардан топтолгон уламыштардан түзүлгөн тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү – 216 бет (169 бет – иштин мазмуну, 47 бет тиркеме).

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробоцияланышы берилди.

**“Кыргыз жана түрк фольклорундагы уламыштардын табияты, изилдениш тарыхы”** деп аталган 1-баптын 1-бөлүмү **“Кыргыз жана түрк фольклорундагы уламыштардын табияты, жанрдык өзгөчөлүктөрү”** деп аталат.

Уламыш – оозеки адабиятта өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ болгон жанр.

Кыргыз фольклорунда уламыштарды кээде уламыш, легенда, аңыз кеп, болмуш, риваят, тамсил, икая, санжыра деп да атап келишет. Түрк тилинде уламыш “эфсане” деп аталат. Бирок бул терминдин түркчө эквиваленти катары «айтуу» этишинен келип чыккан «миф» термини да колдонулат. Мындан тышкары диний түшүнүктөр жана тарыхта калган адамдардын окуяларын баяндаган “риваят”, “хикая”, “эсатир” деген терминдер уламыш түрүнүн ичиндеги түр сыяктуу колдонулат.

Уламыш миф, эпос жана жомок, санжыра, миф сындуу жанрлар менен чектешет. Ошол себептен фольклордо уламыштарды эпос, миф, жомоктор менен чаташтырышат. Уламыштардын негизги курулуш материалы – бул ишеним.

Уламыштар кыска жана проза түрүндө айтылгандыктан аларды көбүнчө жомок менен чаташтырышат. Бул түрлөрдү чаташтыруунун негизги себеби, үч түрдүн тең табигыйлуулуктан тышкаркы окуялар жана типтерге ээ болушу болуп саналат. Бирок, фантастикалык уламыштарды да кезиктирүүгө болот.

Түрк фольклористи Шүкрү Элчиндин айтымында, фольклордук жанрлар өзүнчө бааланып, өзүнчө атала элек кезде уламыш эски түрк тилинде «Саб/сау», «эртек, эртеги, иртеги» же «кеп» деген сөздөр менен аталып келген. Бүгүнкү түрк дүйнөсүнүн географиясында уламыштар тарыхый, географиялык жана социалдык-маданий себептерден улам ар кандай терминдер менен аталып калган.

Уламыштар коомдук эрежелерди, ишенимдерди, маданий баалуулуктарды, каада-салттарды, жүрүм-турум үлгүлөрүн үйрөтүүгө да багытталат. Мындан тышкары, башка фольклордук чыгармалардагыдай эле уламыштарда да убакыт өткөрүү/көңүл ачуу, угармандын көңүл, маанайын көтөрүү функциясы да кезигет.

Кыргыз уламыштары бир топ белгилери жагынан легендага өтө жакын, бирок, айырмалануучу бөтөнчөлүгү бар, ал – тарыхый инсандар, тарыхый окуялар, көрүнүштөр тууралуу, жер-суу аттарынын келип чыгышы жөнүндө тарыхый баяндоого, чындыкка жакыныраак чечмелөөгө аракет кылынгандыгы жагынан легендага караганда фантазиядан бир топ четтейт. Демек, жомоктордон жана легендалардан турмуш-тиричиликтин маселелерин,

тарыхый негизи бар окуяларды көрсөткөндүгү менен айырмаланат. Кыргыз уламыштары тематикасына карап, жалпысынан эки чоң топко – тарыхый (Чыңгыз хан, Аксак Темир, Жантай, Шабдан, Курманжан датка тууралуу уламыштар) жана топонимикалык (Бишкек, Ысык-Көл, Долон, Байтиктин боз бөлтөгү, Өзгөн, Акбуура, Санташ ж. б. жер-суу аттарынын келип чыгышын чечмелеген аңыз кептер) уламыш деп бөлүнөт. Бирок, легенда, жомок, уламыш деген түшүнүктөрдү так чек аралап бөлүүгө мүмкүн болбогон учурлар кездешет, демек, мындай бөлүштүрүү бир топ шарттуу [Кыргыз адабияты. Энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: / А.Акматалиев, Ибраимов О.И., С.М.Мусаев, Г.Ж.Орозова, А.К.Кадырманбетова ж.б.] – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2004. 224 б. ] экени көрүнөт.

1-баптын 2-бөлүмү **“Уламыштардын кыргыз фольклор таануу илиминде изилдениш тарыхы”** деп аталат.

Уламыштарды жыйноо иши 1920-жылдардын башынан тарта кыргыз фольклорун жыйноо иши менен бирге колго алынып, К.Мифтаков, Ы.Абдырахманов, В.Затаевич, К.Карасаев, Ж.Казакбаев ж.б. фольклор жыйноочулардын эмгегинин натыйжасында КР УИАнын кол жазмалар фондунда бир топ кол жазмалар (Инв. №394, №704, №524 (5116), №643 (5281), №666 (5303), №1784 (16 б.), №643 (5281), ж.б.) топтолгон.

Жарыялоо иши башка жанрлар менен бирге башталып, 1975-жылы “Кыргыз эл жомоктору” аттуу эмгекте 7 уламыш, “Киргизские народные сказки” (1977) аттуу эмгекте 5 уламыш орусча которулуп жарык көрсө, “Киргизские народные сказки” (1981) аттуу эмгекте 30 уламыш, “Сказки писателей Киргизии” (1988) аттуу эмгегинде 5 уламыш, “Кыргыз эл жомоктору” (1997) аттуу жыйнакта 19 уламыш, “Кыргызы. Исторические предания и легенды” аттуу эмгекте 46 уламыш жарык көрөт.

Уламыштардын тексттеринин өз алдынча жанр катары жарыяланышы 1856-жылы жарыяланган “Запивки о киргизах” деген эмгегиндеги кыргыздардын таралышы тууралуу уламышты жарыялоодон башат алып, Ф.В. Поярковдун “Каракиргизкие легенды, сказки и верования” (Пишпек 1899) аттуу китебинин жарыяланышынан көрөбүз. Андан соң Исаев Дөөлөтша тарабынан түзүлгөн «Жер-Суу аттарынын сыры» (1977) деген эмгектерде, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жамаатынын демилгеси менен, академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында 2017-жылы колго алынып, “Эл адабияты” деген сериянын 26-томунда “Миф, уламыш, легенда” деген ат менен жарык көрөт. Китепти фольклорист Н.Нарынбаева түзүп, баш сөзүн жазган. Мындан сырткары Рысбаев С. Батыркулова А. тарабынан жарыкка чыккан эки томдук “Ала-Тоо уламыштары” (2016) аттуу эмгектерди да атоого болот.

Мына ушул эле тексттерди негиз кылуу менен автор Н.Нарынбаева 2004-жылы жарык көргөн “Кыргыз адабиятынын тарыхы” деген 7 томдуу эмгектин 14 томунда “Миф жана уламыш” деген атоо менен илимий мүнөздөгү чоң макаласын жарыялайт. Ага чейин 1985-жылы Калыбек Байжигитов уламышты өз алдынча жанр катары аныктап, «Кыргыз мифтери, уламыштары кана легендалары» аттуу китебинде кыргыз

фольклористикасындагы уламыштын түрүнө биринчи мазмундук жактан түрлөргө бөлүштүрөт. Автор мифтер менен уламыштарды салыштырып жатып, уламыш терминининин ордуна орусча легенда деген сөздү колдонууну туура көргөн.

Кыргыз фольклорчусу Т.Танаев 1999-жылы жарык көргөн эмгегинде уламыш түшүнүгүн легенда жана уламыш деп бөлүү туура эмес экенин айткан. Т. Танаевдин айтымында, бул сөздөр бири-бири менен синоним мааниде. Легенда деген сөз орус тилине байыркы грек тилинен кирип, анан кыргыз тилине кирген сөз, ал эми уламыш термини легенданын котормосу болуп саналат.

Мына ушундай монографиялык изилдөөлөрдөн сырткары уламыштар тууралуу да илимий даражалар үчүн жазылган изилдөөлөр бар.

Биринчиси, Айгерим Дыйканбаева 2004-жылы Түркия Республикасынын Докуз Эйлүл университетинде жактаган «Кыргыз уламыштары боюнча изилдөө» деген темадагы диссертациялык изилдөөсү, экинчиси, Апышева Светлана Шаймергеновнанын, “Кыргызкие предания и легенды (Орус тилинде жазылган Ысык-Көл облусунун материалдары)” деген темадагы диссертациясы (2005).

### 1.3. Түрк уламыштарынын изилденишине сереп

Түрк фольклор таануусунда «эфсане» («efsane») деген сөз перс тилинен оошуп келип, түрк тилине кирип, сыйкырдуу окуя, каймана маанини билдирген өзгөчө жанр катары айтылат. Түрк уламыштары алгач «Дивану лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин түшүндүрмө сөздүгү») эмгегинде, 17-кылымагы түрк жазуучусу Эвлия Челебинин 10 томдук «Саяхатнамесинде» орун алган.

Түрк уламыштарынын жарыкка чыгышында Невзат Гөзайдын, Саим Сакаоглу, Билге Сейидоглу жана Али Өзтүрк сындуу изилдөөчүлөрдүн атын сыймык менен атоого болот. Алгачкы эки изилдөөчү түрк уламыштарынын түрлөрү боюнча анализдеп эмгектерин жаратышса, калгандары түрлөргө жиктебей, кандай болсо, ошол калыбында жарыялашкан. Түркияда уламышты изилдөө жана талдоо эмес, анын текстин басып чыгаруу артыкчылыкка ээ.

Түрк фольклорундагы уламыштарды изилдеген биринчи диссертация Германиянын Майнц университетинде 1974-жылы Невзат Гөзайдын тарабынан жакталган “Эвлия Челебинин “Саякатнамасында” Сивас Элбистан Саякатынын фольклористикалык изилдөөсү” аттуу эмгеги болуп саналат. 1978-жылы жазылган Билге Сейидоглу (“Эрзурумдагы белгилүү жерлерге байланыштуу жыйналган уламыштар жөнүндө изилдөө”) аттуу экинчи диссертацияда топонимикалык уламыштарга кеңири токтолот. Юсуф Олгун тарабынан 1989-жылы жакталган “Бурсанын тарыхый уламыштары: жыйноо-изилдөө (Tarihi Bursa Efsaneleri: Derleme – İnceleme) аттуу диссертациясын да мисалга алууга болот.

Мына ушул багыттагы кайсы бир жерге, сууга байланыштуу уламыштарга анализ жасоону 2002-жылы Халил Алтай Гөденин “Ыспарта уламыштары жөнүндө изилдөөсүнөн” (Halil Altay Göde. Isparta Efsaneleri Üzerine Bir Araştırma), 2012-ж. Ахмет Даглы “Структуралисттик көз караш

менен Амасья уламыштарынан” (Ahmet Dağlı. Yapısalcı Açıdan Amasya Efsaneleri), 2023-ж. Назлы Бал Хатуноглу “Хатай уламыштарына символикалык мамиле” (Nazlı Bal Hatunoğlu. Hatay efsanelerine sembolik yaklaşım), 2013-ж. Тугрул Балабан “Амасья уламыш, менкыбе жана меморанттары - жыйнак, изилдөө, текст” (Tuğrul Balaban. Amasya Efsane, Menkabe ve Memoratları- Derleme, İnceleme, Metin), 2016да Мехмет Дервишоглу “Эдирне уламыштары” (Mehmet Dervişoğlu. Edirne Efsaneleri) сындуу иштерден көрүүгө болот.

Ал эми уламыштарды түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармачылыгынын контекстинде талдоого алууда Анадолу түрктөрү, азербайжан, түркмөн, өзбек, кыргыз, казак, казан татарлары, башкыр, саха, алтай, хакас, тува элдеринин уламыштарын жыйнап, 4 томдук эмгекти жарыялап, ага изилдөө жүргүзгөн Метин Эргундун 1993-жылы жарыялаган «Түрк улмашытарындагы өзгөрүү мотивдер» аттуу эмгегинн атасак болот.

Түркияда аймактык жана улуттук деңгээлде жыйналган уламыштарды камтыган көптөгөн монографиялык китептер, изилдөөлөр бар. Алардын толук библиографиясын түзүү абдан кыйын. Бирок, биздин колубуз жетип, окуп чыгып, өз ишибизде колдонгон эмгектер жалпы жонунан 39 илимий мүнөздөгү китептер, 22 диссертациялык изилдөөлөр болду. Мисалы, Хүсейин Намык Оркун. Түрк уламыштары (Hüseyin Namık. Türk Efsaneleri) 1943, Энвер Бехнан Шаполё Түрк уламыштары (Türk Efsaneleri) 1955, Али Рыза Өндер Жашаган анадолу уламыштары (Yaşayan Anadolu Efsaneleri) 1955, Хажы Беташ-ы Вели. Велаетнаме (Hacı Bektâş-ı Veli. Vilâyetnâme) 1985, Мехмет Өндер Коня Уламыштары, Коня (Konya Efsaneleri) 1963 ж.б. эмгектерди атоого болот.

## II-бап: Кыргыз жана түрк фольклорунагы уламыштардын изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, объектиси жана предмети

### 2.1. Кыргыз жана түрк фольклорундагы уламыштардын түрлөрү, классификацияланышы, аларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, объектиси жана предмети

Кыргыз фольклорунда биринчи жолу К. Байжигитов уламыштардын классификациясын төмөнкүчө жүргүзгөн:

1. Космогониялык-метаморфоздук легендалар;
2. Зоогоникалык легендалар;
3. Географо-топонимилуу уламыштар легендалар;
4. Диний-апокрификалык легендалар
5. Генеалогиялык легендалар уламыштар [Байжигитов, К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. – Ф.: "Илим" 1985. - 48-б.]. Бул классификацияда легендаларга көбүрөөк темалар арналып, ал эми уламыштарга азыраак көңүл бурулат.

А. Дыйканбаева 2004-жылы Түркия Республикасынын Докуз Эйлүл университетинде жактаган «Кыргыз уламыштары боюнча изилдөө» деген темадагы диссертациясында уламыштарды төмөнкүдөй классификациялайт:

1. Жаратылыш, жаралуу жана өзгөрүү легендалары;

2. Тарыхый уламыштар;

3. Өзгөчө жандык, түшүнүк жана окуялар;

4. Диний уламыштар [Dıykanbayeva A. Kırgız Efsaneleri Üzerinde Bir Araştırma (İnceleme-Metin). İzmir: Ege Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Halk Bilimi Anadilim Dalı Doktora Tezi. 2004].

1978-2021-жылдар аралыгында Түркияда түрк уламыштары боюнча 19 диссертация жазылган. Булардан тышкары Түркияда түрк дүйнөсү жана дүйнөлүк уламыштарга байланыштуу изилдөөлөр да бар. Уламыштар белгилүү бир аймактар менен чектелип, акыркы жылдарга чейин уламыштар бир ыкма катары мотив индексинин пункттарына ылайык чечмеленип келген.

Оозеки чыгармачылыктагы жанр, ат коюу, аныктоо жана классификация маселеси фольклористтердин алдында турган орчундуу маселелерден болуп келген. Оозеки чыгармачылыктагы жанрлардын ортосунда окшоштуктар болгондуктан чаташуулар көп. Уламыштардын, мифтердин, эпостордун, жомоктордун жана аңгемелердин тексттери окшоштуктарды көрсөтүүдө чек араны аныктоо маселеси келип чыгат. Тексттердин гетерогендүү жана бири-бирине окшош болушу табигый көрүнүш. Башка жанрларда уламышка мүнөздүү элементтердин болушу жана уламышта жомокко, мифке, эпоско, окуяга тиешелүү элементтердин камтылышы табигый нерсе болуп саналат.

Түрк фольклористикасына салыштырмалуу кыргыздарда уламыштарды жыйноо, жарыялоодо артыкчылыкка ээ болгону менен иликтеп, чечмелеп, классификациялоодо дагы да жасай турган иштер арбын.

Элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү болгон уламыш – күндөлүк колдонгон кепте жөнөкөй жана оозеки баяндоо аркылуу муундан муунга өтүп келген, айтуучу менен угуучулардын реалдуулугуна ишенген адаттан тыш окуяларды чагылдырган, дидактикалык туюнтмалуу жанр.

Уламыштарды изилдеген түрк фольклорчусу Саим Сакаоглу уламыштарды сүрөттөө өзгөчөлүктөрүнө, мазмунуна карай бир топ багытта түрлөргө ажырымдайт: 1) Адам, жер жана окуялар жөнүндө айтылган уламыштар 2) Баяндамалардын ынандыруучу өзгөчөлүгү бар уламыштар 3) Көбүнчө адамдар менен окуялардын адаттан тыш өзгөчө экени айтылган уламыштар 4) Кыска жана оозеки баян иретиндеги уламыштар [Sakaoğlu, S. Anadolu-Türk Efsanelerinde Taş Kesilme Motifi ve Bu Efsanelerin Tip Kataloğu [Текст] / S. Sakaoğlu. – Ankara: «Kültür Bakanlığı», 1980. 6 s.]. Бул бөлүштүрүүдө уламыштарды ажырымдоонун багыты аралаша берилип, мазмун менен формалык критерий чаташып кеткенин көрөбүз. Мындай чаташуу кыргыз изилдөөчүлөрүндө да кездешет. Демек, легендадагы фантастикалуулуктун чындык катары кабыл алынышы менен бирге өткөн мезгил, азыркы учур, келечек чындык катары чагылдырылышы уламыштын белгилерин өз ичине камтып турат. Ошол эле учурда легендаларды жиктөөдө да бирдейлик байкалат.

Мына ушул бөлүштүрүүлөр андан ары тереңдетилип, түрк фольклорчусу П.Н. Боратав уламыштарды төмөнкүдөй классификациялаган:

**I.** Дүйнөнүн жаралышы жана акыры жөнүндөгү уламыштар;

**II.** Тарыхый уламыштар: 1) Чектелген жаратылыш аймактарынын (тоолор, көлдөр) келип чыгышы тууралуу 2) Эл жашаган жерлердин (шаарлардын, айылдардын) келип чыгышы тууралуу ж.б.

**III.** Табияттан тышкаркы адамдар жана жандыктар жөнүндөгү уламыштар: 1) тагдыр 2) өлүм ж.б. 3) кооптуу жерлер 4) жаратылыштын бир бөлүгү болгон жерлердин (токой, көл ж. б.) жана жаныбарлардын ээлери 5) жиндер, перилер, ажыдаарлар ж.б. табияттан тышкаркы жандыктар ж.б.

**IV.** Диний уламыштар

Биздин оюбузча, бир нече аталыштагы татаал мифтин ордуна жөнөкөй жана түшүнүктүү классификация түзүүгө болот: 1) Диний уламыштар; 2) Тарыхый уламыштар; 3) Топонимикалык уламыштар (жер-суу); 4) Адамдарга тиешелүү болгон уламыштар (санжыра); 5) Жаратылышка байланыштуу уламыштар (жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр)

Элдик оозеки чыгармачылыкта жанрлардын ортосунда так чек жок, жанрлар өткөөл түзүлүшкө ээ. Аныктама, термин жана классификация маселесин чечүү абдан зарыл. Мисалы, терминдин биримдигин сактоого даярдык көрүү үчүн биринчи кезекте түрк коомчулуктары тарабынан улуттук илимий жыйындар, уюштурулушу зарыл деп эсептейбиз.

Алардын пайда болушу боюнча уламыштарды төмөнкүдөй классификациялоону туура таптык:

1. Адаттан тыш элементтерди камтыган окуяларга негизделген уламыштар
2. Жаратылыштын пайда болушунун окшоштугуна негизделген уламыштар
3. Аналогияга же интерпретацияга негизделген уламыштар
4. Реалдуу же мүмкүн болгон окуяга негизделген уламыштар

Кыргыз жана түрк уламыштарын изилдөө үчүн төмөнкү негизги **талдоочулук усулдарды айкалыштыруу методологиялык таяныч** болуп саналат: 1) проблемалык-тематикалык (кыргыз-түрк уламыштарынын табиятын, жердык белгилерин, башка жанрлардан болгон айырмачылыктарын, идеясын, тематикасын, функциясын эки элдин дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү менен байланышта изилдөө) 2) генеалогиялык (кыргыз жана түрк уламыштарынын жаралуу өзгөчөлүктөрүн, жанрдык калыптануу башаттарын изилдөө) 3) тарыхый-салыштырма (кыргыз-жана түрк уламыштарынын өнүгүшүн тарыхый процесстин контекстинде салыштырма планда изилдөө).

**III БАП “КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТТАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ УЛАМЫШТАР”** деген бөлүмдүн 1-бөлүмү **“Айыл-кыштак, аймак, шаар, белгилүү имараттар жана аттарына байланыштуу кыргыз жана түрк уламыштары”** деп аталат.

Адамзаттын материалдык жана руханий дүйнөсүндө ал жашаган жер тилкеси жана ал баш ийген коомдук чөйрө чоң мааниге ээ болуп саналат.

Турак жай – бул адамдын жашаган жери. Илгертен жаратылыш менен бирге жашаган адам табияттын кубулуштарына кызыгып, ой жорумдарын иштеп чыгышкан. Бүгүнкү күндө көпчүлүк адамдар баш ийип турган коомдук чөйрөгө жараша көчөлөрдүн, кварталдардын, айылдардын, райондордун жана шаарлардын пайда болушуна байланыштуу окуялар, алар тууралуу уламыштар өтө ар түрдүү. Айыл тургундары жалпы ишенимдерге, каада-салттарга жана элдик оозеки чыгармачылыкка жакын. Шаарга караганда бул жашоо мейкиндиги жаратылыш менен чырмалышкандыктан уламыштарды жаратуучулугу, фольклордук баяндардын мазмундук байлыгы айыл жеринде жогору болот.

Кыргыз айылдарынын аталыштары ошол чөлкөмдүн өзгөчөлүгүнө, ал жердин табигый бөтөнчөлүгүнө же тигил же бул окуяга, ал жерден чыккан тарыхый инсандардын аты менен да атала берген. Мисалы, Кегети айылынын аталышы жөнүндөгү уламышта эпикалык баатырлардын аттары топонимге айланган окуяны жолуктурабыз: Кегенти деген баатырдын аты акыры жер аталышына айланган. Ал эми Газ айылы тууралуу уламышта табияттын сырдуу кубулуштарына байланыштырылат. Мындай уламыштар коомдук практика жана салттар жөнүндө да маалымат берет. Мисалы, Калба айылы тууралуу уламыш ж.б.

Жер аттарынан улам жаралган уламыштардын айрымдарында ошол жердин географиялык өзгөчөлүгүнө ылайык коюлгандарын да көрөбүз. Мисалы, Кызыл-Ой (Баба Дыйкан) айылы тууралуу уламыш.

Эски түрк ишеним системасынын экинчи негизин ата-бабалар культу түзөт. Мындан улам миң жылга чейинки убакыт мурун отурукташкан балаларын ыйык тутуп, калк жер аталышын бир уламыш менен атоого аракет жасагандыгын да көрөбүз.

Уламыштар тарыхый болмушка чындыкка да арналып жаралат. Буга Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Сафаровка айылы тууралуу уламыш мисал боло алат.

Жер аттарына байланыштуу уламыштарда диний мүнөздө айтылгандары да жок эмес. Мисалы, Аз. Иса Жана Софра айылы тууралуу уламыш, Кырклар, Кыз Муса ж.б. уламыштарда берилет.

Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде жайгашкан Чолпон-Ата шаарынын аты бир уламышта карыган күйөөгө тийбейм деп ташка айланган кыздын окуясына байланыштуу айтылса, экинчисинде Чолпон жылдызына байланыштырылат. Чолпон – кыргызда кыздын аты болгону менен, мүрзө ата-бабалардын культуна карап ыйыкталган. Шаардын аталышы космостук ат жана Чолпон-Ата ысымынын шаарга ыйгарылышынын себеби бул аймакта жашаган түрк урууларынын Асман Кудай ишеним системасына берилгендигине байланыштуу. Мындан сырткары тарыхый инсандардын өмүр жолуна негизделген уламыштар да кездешет.

Атактуу имараттардын аттары жөнүндөгү уламыштарга үйлөрдүн, сарайлардын, мончолордун, көпүрөлөрдүн, сепилдердин, дубалдардын, диний-мистикалык курулуштардын (мечит, очок, дервиш үйү, күмбөз,)

аталыштарынын тегерегинде пайда болгон уламыштар кирет. Архитектуралык түзүлүштөр коомдун маданиятына, жашоо образына жана ишенимдер системасына түздөн-түз байланыштуу. Мисалы, Ош облусунун Чоң Алай районунун борбору Дароот Коргон айылындагы Дароот-Коргон чеби, Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Карыкташ Ата, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Сафет-Булан айылында мүрзөсү жана мечит комплекси бар атактуу таш, Кыргын Мечит, Ташрабат тууралуу уламыштарды көрө алабыз. Түрк элдеринде да шщыпаалуу, зыярат кылган жерлер арбын. Мисалы, Пехливан Ожагы. Тортум шаарынын борборунда, Шенюрт кичи районунун жана айылдын батыш тарабында жайгашкан.

Коньянын Мерам жүзүмзарларынын арт жагында Тавус Баба деген күмбөз бар. Биздин уламышыбызда башкы каарман – чыгыштан келген дервиш тибиндеги сырдуу каарман аял болот. Уламыштагы убакыт 11-кылым же андан кийин түрктөр Анадолуга отурукташа баштаган мезгил болсо керек. Аялдын өзүнүн сулуу, үнүнүн мукамдуу экендиги сүрөттөлсө да, кийинки сүйлөмдөрдө аны эч ким көрбөгөнү айтылат. Бул жерде эң кызыгы аялга ата (ата, чоң ата) наамынын берилгендиги. Мундан сырткары Хажы Бекташ сапары, Али Баба зыяраты, Локман Деде зыяраты уламыштары берилген.

Жер формалары жөнүндө уламыштар: Жер формасынын аталыштары жөнүндө уламыштар тоолордун, адырлардын, жүзүмзарлардын, токойлордун, өрөөндөрдүн, аскалардын, капчыгайлардын, түздүктөрдүн, үңкүрлөрдүн, чуңкурлардын, таштардын, аскалардын аттарынын айланасында пайда болгон уламыштарды камтыйт. Кыгызстандан Абла тоо - Тегерек тоо, Бавлык тоо, Бооралбас (Каражыгералмаз), Кызыл үкөк, Бавык Тоосу, Бала Тапан, Берик Таш Тоо (Саадабай Карыянын Сыйкырдуу Ташы), Кошойдун тоосу (Кара тоо) уламыштары берилген. Түркиядан болсо; Анамас тоолору, Болкар тоосу, Өлемез тоосу, Каз тоо, Сары Кыз адыры, Ата-тоо, Күчүк жана Бүйүк Агры тоолору (Арарат тоосу) исалдары берилген.

Кыргыз жана түрк фолклорундагы жер уламыштарында окшош тексттерди таптык: **Бурана мунарасы** менен **Стамбул Кыз** мунарасынын тегерегинде пайда болгон уламыштардагы окшоштуктар абдан таңкалыштуу. Уламыштардагы башкы каармандар ханбике, өкүмдар ата каарманы катары хан-император, акылман тибинде – бакшы аял, жаныбардын түрү катары - кара жесир жөргөмүш, жылан болуп саналат. Тип эки уламышта жалпы болгондуктан, сюжети да жалпы. Өкүмдар атанын абдан жакшы көргөн кызы бар. Ал кызынын келечегин билүү үчүн көзү ачыктарды чакырат. Келечекте аны уулуу жаныбар чагып өлтүрөт деп көзү ачыктардын бирөө айтат. Атасы кызын коргоо үчүн бийик мунара курат. Уламыштарда жалпысынан жалпы мотивдер жана сюжеттер бар болгону менен, каармандардын аталышы ар башка. Бул айырмачылык ар түрдүү географияларда жашоодон жана ар түрдүү маданияттар менен чырмалышкандыктан келип чыгат. Анткени, эки мунара тең эл көзүнө эки башкаруучунун кыздарын тектүү үй-бүлөлөрдөн коргоо үчүн салынган. Өкүмдар канчалык күчтүү болсо да тагдырдын алдын ала алган эмес.

Кыргызстандагы **Бугу Эне** жана Түркияда айтылган **Түркбүкү айылы**нын уламыштары, кырсыктын натыйжасында бир уул, бир кыздан башка элдин баары кырылып калышы жана ал эки баладан муундун уланышы эки уламышта тең иштелген.

"**Бугу** уламышында" кийиктердин каргышына калып, аскага асылып өлгөн Халилдин окуясы баяндалат жана «**Көкөмерен**» уламышында Көк Мерген кийиктен жаракат алып, Кайберендин каргышы менен чөпкө айланат.

**3.2. Көл, дарыя, шаркыратма, булактардын аттарыны байланыштуу кыргыз жана түрк уламыштары.**

Суу - адамдын жашоосун улантуу үчүн негизги муктаждыктарынын бири. Ушул себептен улам, суу көптөгөн маданияттарда жашоо булагы катары сүрөттөлүп, сууга өзгөчө маани берилген. Суу жөнүндө пайда болгон ишенимдер кийин ыйык мааниге ээ болуп, маданиятта «культ» болуп калган. Түрктөр дарыя, көл, деңиз, дарыя, саз, сай, булак сыяктуу суу булактарынын өзгөчө күчкө ээ экенине жана аларда рух бар экенине ишенип, ар кандай жолдор менен батасын берип келишкен. Бул ишеним түрктөр Эски түрк дининен кийин кабыл алган ислам, христиан, иудаизм, буддизм, манихейлик сыяктуу башка диндерде да уланган. Түрк тарыхына, мифологиясына жана эпосторуна көз чаптырсак, суу культунун түрк мамлекеттүүлүгүн түшүнүүсүндө жана коомдук жашоосунда түрдүү формаларда ар кандай милдеттерди өзүнө алганын көрөбүз. Түрк коомдору сууну ыйык көрүшсө, сууну жашоону жөнгө салган, жардам берген, душмандарын жеңүүгө көмөктөшкөн, жан берген, кыйынчылыктан куткарган жана жазалаган бир элемент катары көрүп, дээрлик социалдык жашоосунун бир бөлүгүнө айландырышкан. Уламыштардагы түрк урууларынын суу культун, байыркы түрк дининдеги жана азыркы коомдордогу сууга болгон ишенимдерди аныктоо маанилүү болуп саналат.

**Моган жана Эймир көлдөрү** уламышында олуя тибинде Хызырды, идеалдуу эне тибинде аял менен баланы жолуктурабыз. Сюжет формасын өзгөртүп, кайырчынын кейпин кийген Хызырдын үймө-үй кыдырып эч нерсе ала албай, акыры бир аялдан кургак нан алып, нан берген аялды келе жаткан кырсык жөнүндө кабарлоо менен сактап калгысы келгендигине негизделген. Хызыр Түрк дүйнөсүндө кеңири таралган, кыйынчылыкка кабылгандарга жардамга келген каарман. Хызыр уламышта элди сынаган, бирок бир гана аял сынактан өтө алган. Кайрадан биз жолуккан жалпы мотив – бул суу ташкынынын натыйжасында шаардын чөгүүсү жана көлдүн пайда болушу. Бул жерде унутулуп бараткан кызын сууга чөгүп кетүүдөн сактап калуу үчүн барган эне жана эки көлдүн пайда болушу уламыш менен түшүндүрүүгө аракет кылынган. Эл эки көлдүн ортосунда эмоционалдык жана генетикалык байланыш түзүшкөн.

Кыргыз жана түрк фолклорундагы жер уламыштарында окшош тексттер бар: **Моган, Эймир көлдөрү** жана **Ысык-Көл** жөнүндөгү уламыштарда адамдардын зулумга жана муктаждарга кайрымсыз калгандан улам табигый кырсыктар менен жазаланганда шаарлар суу астында калып, көлдөр пайда болот. Бул уламыштарда элди жок кылуу мотивдери да көп кездешет.

**Бингөл** жана **Бечел-Аюу** (Миң Булак) уламыштарында миң көлдүн, миң суу булагынын (булактын) аталышы жөнүндө уламыштар белгиленген, алардын саны өтө көп. Анын сыңарындай, кырк булактын мотивдери Бесел Аюунун, Кыркпынардын уламыштарында көп кездешет.

**Айгыр көлү** жана **Кулун Көлү** жөнүндөгү уламыштар да түрк мифологиясында көлдөн чыккан жылкынын мотивине негизделген. Түрк элдеринде уламыштарда жылкы культу бар. Анадолуда жана Кыргызстанда айтылган уламыштарда көлдөн чыккан аргымак бээ менен жупташып, абдан күчтүү кулун төрөлөт. Кийинчерээк айгыр бээни өлтүрүп, кулунду көлгө алып кетет. Анадолудагы аргымак менен аталган эки көлдө жана Кыргызстандагы кулун көлүндө дал ушундай мотив жана сюжеттин бар экендиги абдан кызык.

Биз кыргыз жана түрк элдик оозеки чыгармачылыгынан чогулткан жана жазма булактардан алган топонимикалык уламыштарда көп жагынан окшоштуктар бар. Окшоштуктар көп болгону менен, айрым айырмачылыктар да бар. Биз уламыштардагы бул окшоштуктарды жана айырмачылыктарды түр, сюжет, мазмун, мотив жана жер критерийлерине карап баададык.

Биз уламыштарда кездешкен жалпы типтер төмөкүлөр: алп тиби, даанышман тиби, аялдын тиби жана жан-жаныбар тиби. Бирок бул негизги типтер да ар кандай өзгөчөлүктөрүнө, оң жана терс жүрүм-турумуна жараша типге бөлүнөт. Мисалы, аял тибиндеги алп аял тиби, сүйүктүүнүн тиби, идеалдуу аял тиби, идеалдуу эне тиби, кайрымдуу-дарыгер тиби, сыйкырчы тиби, куткаруучу типби душман тиби, чыккынчы тиби, жаман жар тиби, таш боор ата-эне тиби ж.б. сыяктуу аталыштарда изилдениши мүмкүн.

Кыргыз уламыштарында биз көбүнчө алп түрлөрүн кезиктиребиз; Ажыдаар таш уламышында ажыдаар менен согушканы кеткен Өтө, Бечел-аюу уламышында Бечел, Көкөмерен уламышында элин баккан Көк Мерген, Кегети уламышында Манастын мергенчиси Кегенти, Ош шаарынын уламышында Манасты баккан Ошуп баатыр, Бавык тоосунун уламышында мерген Бавык, Кыз-жайлоо уламышында Калмактарды жеңген Жанболотту мисал келтирсек болот. Альп аял түрү көбүнчө кыргыз уламыштарында да кездешет. Ажыдааар таш жөнүндөгү уламышта Дилдекан эч ким жеңе албаган ажыдаарды өлтүрүп, элди сактап, сүйгөнү үчүн өчүн алган катары алган үлгү боло алат. Альп тибинин кыргыз уламыштарында орун алышына аймактын социалдык-маданий жана географиялык абалы, элдин жашоо-турмушу, күчтүү эпикалык салт таасир этет деген ойдобуз. Түрк уламыштарында болсо биз эң көп жолуккан тиби даанышман/олуя тиби. Койчу Деде көпүрөсү, Хажы Бекташ зыяраты жана Али Баба зыярат уламыштарында даанышман каармандар уламыштарга ат коюшкан. Кыркпынар уламышында даанышман тибине, Моган жана Эймир көлдөрү уламышында Хызырга, Дил Искелеси уламышында олуяга мисалдар келтирүүгө болот. Ал эми аял олуя түрү боюнча мисал катары Сары Ана күмбөзүн жана Тавус Баба уламышын келтирсе болот. Түрк уламыштарында даанышман түрүнүн биринчи орунга чыгышынын себеби, эрте доорлордо отурукташкан жашоого өтүү, ар түрдүү маданияттар менен чогуу жашоо, ар кандай ишенимдердин таасири астында калып, алгачкы доорлордо медресе/мектеп билимин баштоонун таасири болуп саналат.

Кыргыз жана түрк уламыштарындагы кызыктуу мотивдердин бири ажыдаар мотиви болуп саналат. Түрк мифологиясынын мурасы болгон ажыдаар мотивине Кыргызстандагы Ажыдаар Таш жана Түркиядагы Ажыдаар менен Койчу, Кара Демирташ мончолору жөнүндөгү уламыштардан жолуктурдук.

Көлдөрдүн пайда болушу кыргыз уламыштарынын жана түрк уламыштарынын көбүндө кеңири таралган мотив болуп, суу каптоо жана шаардын суу астында калуу мотиви бар. Уламыштарда бул жазага көбүнчө аймактын эли адашып кеткендиктен же зулумга, адилетсиздикке каршылык көрсөтпөй койгондон улам дуушар болушкан.

Табигый же жасалма форманы тууроого негизделген уламыштар Кыргызстанда Ак-Төө, Ажыдаар Таш, Түркияда Кош Мунара медресеси, Гөреме жана Пери морулары, Ажыдаар жана Койчу уламыштары мисал боло алат. Ал жерде жашаган калың элдин география илимин өздөштүрүүсүндө жана мекен жаратууда ар бир жердин жан дүйнөсүн, инсандыгын тартуулоодо уламыштардын орду чоң. Дагы бир жалпы жагы – уламыштардагы жер-суу аталыштарын сөздөрдү окшоштуруу аркылуу маани берилиши болуп саналат. Бул контекстте кээ бир топонимикалык уламыштарды түзүүдө бөтөн тектүү же белгисиз маанидеги сөздөр кыргыз жана түрк фонетикалык эрежелерине ылайык чечмеленип, топоним жасалган сюжет менен чечмеленген. Кыргызстанда Ноокат Шаары, Ош шаары, Сафаровка айылы, Барскоон, Көкөмерен, Түркияда Анамас тоолору, Эгирдир көлү, Трабзон, Ягбасан жана Чигил жомоктору мисал боло алат.

## КОРУТУНДУ

1. Элдик оозеки чыгармачылыктын бир салаасы болгон уламыштар күнүмдүк кептеги жөнөкөй жана дидактикалык туюнтмалуу жанр, анда айтуучу жана угуучу тарабынан чындык деп эсептелген адаттан тыш окуяларды жана адамдарды чагылдырып, оозеки муундан муунга өтүп келет.

Уламыш – бул коом жагынан да, географиялык жактан да тарыхый жана маданий эс тутум. Ал коомдордун өзгөчөлүгүн түзгөн маданий мурастын байыркы изин өз ичине камтыйт. Дал ошол чөйрөдө жашаган коом жараткан ишенимдер, уламыштар жерлерге, жаратылыш түзүлүштөрүнө, архитектуралык курулуштарга баалуулук жана ыйыктык кошуп турат

Жердин жана жаратылыштын калыптанышынын эң айырмалоочу өзгөчөлүгү – анын аталышы. Жерлерди атоодо бирде ошол жердин тегерегинде уламыштарды жаратса, бирде адаттан тыш окуяларга, уламыштарга таянып жерлерди аташкан.

2. Уламыштарды кыргыз фолклор таануусунда Б.Кебекова, К.Байжигитов, Т.Танаев, Н.Нарынбаева, А.Дыйканбаева, С.Апышева ж.б. изилдесе, Невзат Гөзайдын, Саим Сакаоглу, Билге Сейидоглу, Али Өзтүрк ж.б. талдоого алып, ар бир окумуштуу өз тыянактарын берет.

Уламыштар мазмундук жактан 1) диний уламыштар; 2.тарыхый уламыштар; 3) топонимикалык уламыштар (жер-суу); 4) адамдарга тиешелүү болгон уламыштар; 5) жаратылышка байланыштуу уламыштар (жан-

жаныбарлар, өсүмдүктөр) деген түрлөргө бөлүштүрүлөт. Ал эми топонимикалык уламыштар андан ары жер аттарына, суу аттарына байланыштуу ажырымдалып, пайда болушу боюнча уламыштарды төмөнкүдөй классификациялоого болот:

1. Адаттан тыш элементтерди камтыган окуяларга негизделген уламыштар;
2. Жаратылыштын пайда болушунун окшоштугуна негизделген уламыштар;
3. Аналогияга же интерпретацияга негизделген уламыштар;
4. Реалдуу же мүмкүн болгон окуяга негизделген уламыштар;
5. Топонимикалык уламыштарды географиялык критерийлер боюнча эки негизги темага жана ушул негизги темалардын алдында ар түрдүү топторго бөлдүк.

3) Түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгында алар кабыл алган диндер жана жаңы кошуналарынын ишенимдери жана маданияттары таасир эткен. Бирок алар кылымдар бою бири-биринен алыс жайгашкан территориялык аймактарда жашап, ортосундагы коомдук мамилелер бузулганына карабастан, ээ болгон күчтүү салттын аркасында көптөгөн фольклордук чыгармаларда жалпы типти, мотивди, мазмунду сактап кала алышкан.

Кыргызстанда, Түркияда жер-суу аттарына жараша пайда болгон уламыштардан алган маалыматтарыбызга караганда, фольклордук баалуулуктарды, коомдук эрежелерди жана үрп-адатты колдоо, билимди же маданиятты келечек муунга өткөрүп берүү жана каршылык көрсөтүү сыяктуу интенсивдүү функцияларды аткарат деп айта алабыз.

4) Уламыштар болуп өткөн же болушу мүмкүн болгон окуяларга негизделип, кайдан келгени белгисиз аталыштар лексикалык аналогия аркылуу чечмеленүүгө аракет кылынат. Ал жерди ыйыктоо үчүн кээ бир уламыштарда мифологияны мазмун, эпикалык баатырларды каарман катары колдонушкан. Чет тилдердеги жер-суу аттары маданий алмашуу жана демографиялык кырдаал боюнча алдыңкы планга чыгат.

Түштүк Кыргызстандагы топонимикалык уламыштарда географиялык жана тарыхый шарттарга байланыштуу башка ишеним факторлору бар болгону менен Тянь-Шань тоосунун түндүк капталында жашаган кыргыз урууларынын уламыштарында байыркы түрк ишенимдеринин таасири күчтүүрөөк экенин аныктадык. Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында болсо ислам аңгемелерин эски түрк ишенимдерине негизделип жаралганы көбүрөөк кездешет.

5) Кыргыз жана түрк уламыштарындагы орток темалар – күнүмдүк тиричилик күрөшү, адамдын жаратылыш менен, мифтик-мистикалык жандыктар менен болгон мамилеси, адилеттүүлүк, социалдык көйгөйлөр, чыр-чатактар. Кыргыз жериндеги көчмөн турмуштун кыйынчылыктары, жаратылыш менен күрөш, мал чарбачылыгынан көз каранды жашоо, географиялык шартка жараша уруулар ортосундагы согуштар ж.б. Түркиядагы шаар жана айыл турмушу, дыйканчылык, соода, ишеним жамааттары, архитектура иштери ж.б. уламыштарда көбүрөөк кездешет.

Кыргыз жана түрк уламыштарында сюжет, түр жана мотив жагынан кеңири таралганы менен каармандардын аталышында табигый түрдө айырмачылыктар бар. Кыргызстанда даанышман деген басымдуу түрдө бахшы, бүбүбахшы деп аталса, Түркияда ошол эле кызматты аткарган типтер олуялар, аалымдар сыяктуу исламий мааниде аталууга аракет кылынган. Жалпы ата-бабалар культуна байланыштуу калыптанган уламыштарда Кыргызстанда көбүнчө "ата" деп аталса, ал эми түрк аймагында алар "деде" деп аталат. Натыйжада эки аймактагы түргө жараша түзүлгөн каармандардын аталышы ар башка болгону менен, уламыштын сюжетиндеги аткарган функциясы жалпы болуп эсептелет.

Кыргыз жана түрк уламыштарындагы бул орток тексттер, мотивдер, типтер жана темалар эки маданияттын, демек уламыш салтынын бир булактан азыктангандыгынын далили болуп саналат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУНУ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН МАКАЛАЛАР:


1. **Сатыжыоглу, Хүсейин.** Түркия түрктөрүнүн макалдарында ахлактык тарбия. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник КГУ имени И.Арабаева. - №2. – 2012. – С.154-156.

2. **Satıcıoğlu, Hüseyin.** Tataristan'daki "Süyün Bike" ve Azerbaycan'daki "Bakü Kız" Kuleleri Kaynaklı Ortaya Çıkan Efsaneler Üzerine Bir İnceleme. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник БГУ им.К.Карасаева. - №3(41). – 2017. - С.130-133. https://elibrary.ru/item.asp?id=30056027

3. **Satıcıoğlu, Hüseyin.** Batken'de (Kırgızistan) ve Batman'da (Türkiye) Ters Lale Efsaneleri. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Itobiad: Journal of the Human & Social Science Researches; 2020, Vol. 9 Issue 1, p. 417-434. e-ISSN: 2147-1185. https://essentials.ebsco.com/search?query=142659154

4. **Satıcıoğlu, Hüseyin.** İki Kule Bir Efsane: Burana ve İstanbul Kız Kuleleri / The Two Towers-One Legend: The Burana Tower and the Maiden's Tower of Istanbul. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Selçuk Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Dergisi (SUTAD), Ağustos 2020; (49): 245-260. e-ISSN: 2458-9071. https://www.webofscience.com/wos/woscc/full-record/WOS:000562252500014

5. **Сатыжыоглу, Хүсейин.** Топонимикалык Уламыштарда Кудай, Адам жана Жаратылыштын Байланышы: Ыссык-Көл Мисалында. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник КГУСТА им. Н.Исанова. – Том: 1. - №2 (76). – 2022. – С. 361-367. https://elibrary.ru/item.asp?id=48491411

6. **Сатыжыоглу, Хүсейин.** Ислам Аңгемелеринин Таасиринен Пайда Болгон Кыргыздардын Айрым Уламыштары [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник КГУСТА им. Н.Исанова. – Том: 3. - №2 (76). – 2022. – С. 1011-1017. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49399781

7. **Satıcıoğlu, Hüseyin.** Kırgız Folklorunda Köy Adlarına Bağlı Ortaya Çıkan Bazı Efsaneler. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник БГУ им.К.Карасаева. - №1(59). – 2022. – С.257-260. https://elibrary.ru/item.asp?id=48626688

8. **Satıcıoğlu, Hüseyin.** Kırgız Halk Biliminde Efsane Çalışmaları. [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Вестник БГУ им.К.Карасаева. - №1(59). – 2022. – С.118-121. https://elibrary.ru/item.asp?id=48626689
9. **Сатыжыоглу, Хусейин.** Түрк фольклору педагогикалык жактан [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - № 4. – 2023. – С. 316-320. https://elibrary.ru/item.asp?id=54791139
10. **Сатыжыоглу, Хусейин.** Түрк фольклорунда бешик ырлары аркылуу тарбия берүү [Текст] / Хусейин Сатыжыоглу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - № 4. – 2023. – С. 321-324. https://elibrary.ru/item.asp?id=54791140

**Сатыжыоглу Хүсейиндин «Кыргыз жана түрк фольклорундагы жер-суу аттарына байланыштуу уламыштардагы жалпылыктар жана айырмачылыктар»** деген темада 10.01.09 – Фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## РЕЗЮМЕ


**Негизги сөздөр:** жер-суу аттары, Кыргыз фольклору, легенда, оозеки адабият, топонимика, Түрк фольклору, уламыш, фольклор.

**Изилдөөнүн объектиси** – кыргыз жана түрк фольклорундагы жер-суу аттарына байланыштуу уламыштар.

**Изилдөө предмети** - уламыштардагы жалпылыктар жана айырмачылыктарды аныктоо.

**Изилдөөнүн максаты –** Кыргызстан менен Түркиядагы жер-суу аттарына байланыштуу пайда болгон уламыштарды ар тараптан изилдөө жана салыштыруу. Уламыштардагы окшоштуктар менен айырмачылыктардын пайда болушунун себептери изилдөө. Кыргыз жана түрк топонимикалык уламыштардагы орток мурастарды аныктап, изилдөөчүлөргө тартуулап, келечек муундарга жеткирүү.

**Изилдөөнүн методдору -** проблемалык-тематикалык, генеалогиялык, тарыхый-салыштырма.

**Алынган натыйжалар жана алардын илимий жаңылыгы:** Кыргыз жана түрк топонимикалык уламыштарын биринчи жолу карап чыгуу бул тармактагы кемчиликти жоюп гана тим болбостон, кыргыз жана түрк элдеринин уламыштарындагы жалпы мотивдерди, темаларды, каармандарды, сюжеттерди илимий жактан ачып берет.

**Иштин колдонулуу чөйрөсү –** Изилдөөдө уламыштар текстке гана эмес, тарых, маданият жана ишеним контекстинде байланышып, маданият, этнография, оозеки тарых, мифология жана бул жанр боюнча изилдөөлөр үчүн пайдалуу болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Сатыжыоглу Хусейина тему: “ Общности и различия в преданиях, связанных с названиями земель и рек, в кыргызском и турецком фольклорах”, представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:** названия земель и рек, кыргызский фольклор, легенды, устное народное творчество, топонимика, турецкий фольклор, предания, фольклор.

**Объектом исследования** являются кыргызские и турецкие предания, связанные с названиями земель и рек

Предмет исследования – определение общностей и различий преданий.

**Цель исследования** - всестороннее исследование и сравнение кыргызских и турецких преданий, связанных с названиями земель и рек, исследование основных причин возникновения сходств и различий. Определение общих культурных ценностей в кыргызских и турецких топонимических преданиях, передача их последующим поколениям.

**Методы исследования.** Для исследования поставленных проблем в диссертации используются диалектические методы, а также историко-сопоставительный и сравнительно-типологические методы. Кыргызча менен окшош болсун

**Научная новизна исследования.** Впервые в фольклористике на основе сравнительно-типологического анализа проведено научное исследование кыргызских и турецких преданий, связанных с названиями земель и рек и сделаны значительные научно-теоретические выводы.

**Сфера применения результатов исследования.** Материалы диссертации можно использовать в области культуры, этнографии, истории, мифологии и другой научно-исследовательской деятельности.

T

**Satıcıoğlu Hüseyin “Commonalities and differences in legends associated with the names of lands and rivers in Kyrgyz and Turkish folklore”** submitted for the academic degree of Candidate of Philological Sciences in the specialty 01.10.09 - folklore.

n

Kyrgyz and Turkish legends associated with the names of lands and rivers.

The commonalities and differences of legends.

Comprehensive study and comparison of Kyrgyz and Turkish legends associated with the names of lands and rivers, an investigation of the main reasons for similarities and differences. Determination of common cultural values in Kyrgyz and Turkish toponymic legends, their transfer to subsequent generations.

To study the problems posed in the dissertation, dialectical, historical-comparative and comparative-typological methods were used.

r
i
v
e
r
s

Kyrgyz folklore, legends, oral folk art, toponymy, Turkish folklore, traditions, folklore.